КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

«ФИЗИКА. АСТРОНОМИЯ»

жалпы билим берүүчү уюмдардын

7-12-класстары үчүн

Бишкек – 2025

Иштеп чыккандар:

Чыныбаев Р.Р. – Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери, педагогика илимдеринин кандидаты**,** доцент;
Базаркулов Т.А. – Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкери;
Тешебаева У. – Бишкек шаарындагы № 118 жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору;
Конушбаева Р.К.– Бишкек шаарындагы № 64 жалпы билим берүүчү орто мектебинин физика мугалими;

Рецензенттер:

Ногаев М.А. – И. Арабаев атындагы КУУнун физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к.;

Анарбекова М.А. – И. Арабаев атындагы КУУнун физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доцентинин м.а., п.и.к.;

Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 7-12-класстары үчүн «Физика. Астрономия» предметтеринин предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (2023-ж.), жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына (2025-ж.) ылайык иштелип чыккан жана билим берүүнүн максаттарын, мазмунун, күтүлүүчү натыйжаларды жана баалоону аныктайт.

Предметтик стандарт окуу пландарын, окуу китептерин/окуу-методикалык комплекстерди жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

МАЗМУНУ

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ……..…4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР……..…..7

III. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК ӨЗӨКТӨРҮ ……..8

IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ….……..……9

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ..……..…10

VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗ КЫЛУУГА КОЮЛГАН МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР…..……11

VII. МОТИВАЦИЯ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ . ..13

1. ФИЗИКА ЖАНА АСТРОНОМИЯ ПРЕДМЕТТЕРИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АНЫ ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ

Физика жана астрономия боюнча предметтик стандарт окуучуларды өнүктүрүүгө, курчап турган дүйнөнү таануунун бирдиктүүлүгүнө, ынанымдуулукту тарбиялоого багытталган окутуу максаттарын аныктоого карата системалуу-структуралык жана мазмундук-ишмердик мамилелердин негизинде иштелип чыккан. Предметтик стандарт мугалимди окуу процессин уюштурууга багыттайт, мында жетектөөчү роль окуучулардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнө берилет. Муну ишке ашыруу үчүн физикалык жана астрономиялык кубулуштарды байкоо, сүрөттөө жана түшүндүрүү, физикалык чоңдуктарды өлчөө, физикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо боюнча тажрыйбаларды жана эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүү, физикалык приборлордун жана техникалык түзүлүштөрдүн түзүлүшүн жана иштөө принцибин түшүндүрүү, физикалык билимди практикалык колдонуу сыяктуу иш-чараларды уюштуруу керек. Окуучулар илимий жетишкендиктердин натыйжаларын жана физикалык кубулуштарды илимий изилдөө ыкмаларын билиши шарт. Физика жана астрономияны окутуу процесси окуучулар үчүн жеткиликтүү билим берүүнүн милдеттүү минималдуу мазмунун аныктоого жана окуучулардын өз алдынча таанып-билүү иш-аракеттерин уюштурууга багыттоодо бардык окуучулар үчүн ийгиликтүү болушу негиздейт. " Физика. Астрономия " предметин окуп үйрөнүүдө жашыл экономиканы куруу үчүн зарыл болгон туруктуу өнүктүрүү принциптерин карманууга, ресурстарды үнөмдөөчү жүрүм-турумду ишке ашырууга," жашыл көндүмдөргө " ээ болууга жана жеке деңгээлде жана жамааттардын деңгээлинде климаттын өзгөрүшүнө, жаңы технологияларды жана техниканы киргизүүгө байланышкан тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын орто мектептеринде физика жана астрономия үч этап менен окутулат:

Биринчи баскыч – пропедевтикалык. Бул баскычта «Мен жана дүйнө», «Табият таануу» курсу окутулат. Предметтер башталгыч класста (1-6 класста) окутулат.
«Мен жана дүйнө» жана «Табият таануу» сабактарында окуучулар курчап турган дүйнө жөнүндө негизги идеяларды жана түшүнүктөрдү өздөштүрүшөт; өлкөнүн жаратылышы, жандуу жана жансыз жаратылышы жөнүндө маалымат алуу; жаратылышта болуп жаткан физикалык жана биологиялык кубулуштар жөнүндө тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү өздөштүрөт.

Экинчи этапка негизги мектептин 7-9-класстары кирет. Бул этапта мектеп окуучулары системалуу физика курсун: кинематика, динамика, статика, молекулалык физика, электродинамика, оптика, кванттык физиканын негиздерин окушат. Окуу иштерин өз алдынча уюштурууга үйрөнүшөт, талдоо, жыйынтык чыгаруу жана алган билимдерин практикада колдонууга киришет. Негизги мектептин 7- 9-классы үчүн «Космостун физикасы» курсунун жыйынтыгында окуучулар Ааламдын түзүлүшү жөнүндө негизги маалыматтарды алышат; Күндүн, Айдын, жылдыздардын кыймылы жана алардын түрлөрү жөнүндөгү негизги түшүнүктөр жөнүндө; асман телолорунун аталыштары жөнүндө; Галактика жөнүндө, Ааламдын түзүлүшү жана анын эволюциясы жөнүндөгү заманбап көз караштар, ошондой эле кыргыз элинин астрономиялык кубулуштарды түшүнүүсү жөнүндө маалымат алышат. Ушул баскычта Жерде атмосферанын жана магниттик талаанын бар болушу менен байланышкан, космос телолорунун көлөмдөрүн жана космостук аралыкты өлчөө жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөр калыптанат.

Үчүнчү этап 10-12-класстарды камтыйт. Жалпы билим берүүчү (негизги жана атайын) класстын окуучулары бул этапта МКТ, электродинамика, оптика, кванттык теория, астрономиянын негиздерин тереңирээк үйрөнүшөт жана калыптанган жөндөмдүүлүктөрдүн негизинде илимий-изилдөө ишинин көндүмүнө ээ болгондуктан, өз алдынча жөнөкөй изилдөө

иштерин жүргүзүүгө үйрөнүшөт. Алар тыянак чыгарышат жана материалдын жалпы мазмунунан негизги мазмунун ажырата алышат. Алынган билимдердин негизинде физикалык кубулуштардын, мыйзамдардын жана теориялардын табиятын түшүндүрө алышат. Орто мектептин 12-классында «Астрономия» бөлүмү, 9-класстагы «Космостун физикасы» бөлүмүнүн логикалык уландысы катары окулат.

Бул этапта окуучулар классикалык астрономиянын негиздерин өздөштүрүшөт, космостук объектилердин жана алардын системаларынын келип чыгышын, жашоосун жана эволюциясын изилдешет.

Компетенттүүлүккө негизделген билим берүүнүн парадигмасына ылайык, бул этаптын максаттарынын бири окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык адистештирилген багыттар боюнча дифференцияланган окутуу болуп саналат.

Бул үчүн гуманитардык, прикладдык (же технологиялык), табият таануу жана математика ж.б. профилдеги класстарды аныктоо жана ар бир профиль боюнча STEM технологияларын эске алуу менен физика предметинин мазмунун аныктоо зарыл.

«Физиканы жана астрономияны» окутуунун максаттары жана милдеттери.

Физиканы окутуунун максаты окуучуларга физика илиминин негиздеринин объективдүү маанисин түшүнүү, физикалык сабаттуулуктун негиздерин өздөштүрүү, үйрөнгөн материалды практикада колдонуу, конкреттүү шарттарда жана жаңы жагдайларда материалды колдонуу, ошондой эле ден соолукту жана айлана-чөйрөнү сактоо максатында физикалык приборлорду коопсуздук эрежелерин сактоо менен колдонуу;

- окуучулардын дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшүнүн негиздери жөнүндө түшүнүгүн өнүктүрүү, негизги “жашыл көндүмдөрдү” жана жаратылышты түшүнүү ыкмаларын калыптандыруу;
- космостук кубулуштар жана объектилер жөнүндөгү астрономиялык билимдер системасын изилдөөнүн негизинде илимий дүйнө таанымдарын калыптандыруу, окуучуларга асман телолорунун табияты, кыймылы жана өнүгүшү, Ааламдын түзүлүшү, астрономиянын ыкмалары жана бул илимдин жетишкендиктери жөнүндө түшүнүк берүү;
- окуучулардын илимий ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, физикалык мыйзамдарды жана принциптерди түшүнүү жана алган билимдерин күнүмдүк турмушта колдонууга активдүү катышуу, изилдөө жана контексттик окутуу аркылуу практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу.

Физика жана астрономияны окутуунун милдеттери

Билим берүүчүүлүк милдеттери:

- физикалык билимдер системасын (илимий фактыларды, түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теорияларды, изилдөө ыкмаларын, физиканын прикладдык маселелерин ж.б.) өздөштүрүү;
- курчап турган жаратылыштын физикалык кубулуштары жөнүндө, анын компоненттеринин өзгөрүшү жана өз ара байланышы жөнүндө, бир бүтүн жаратылыш жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- жаратылышта жана техникада болуп жаткан кубулуштарга өз алдынча байкоо жүргүзүү, ошондой эле аларды жалпылоо жана колдонуу аркылуу физикалык кубулуштарды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү теориянын негизинде түшүндүрүү жөндөмүн өнүктүрүү;
- эксперименталдык көндүмдөрдү жана илимий издөө көндүмдөрүн өнүктүрүү менен теориялык жана практикалык окуу ишин өркүндөтүү, материянын заттык жана талаа түрлөрүн изилдөөгө кызыгууну өнүктүрүү, Ааламдын объектилери менен кубулуштарынын көп түрдүүлүгү жөнүндө билимдерди өздөштүрүү.

Тарбиялык берүүчүлүк милдеттери:

- жеке жалпы маданиятты жана жаратылыш мыйзамдарын билүү мүмкүнчүлүгүнө ишеним сезимин калыптандыруу, турмуш-тиричиликтин коопсуздугун, энергияны үнөмдөөнү, айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу үчүн өз ой-пикирлеринин негиздүүлүгүнө умтулуу; -

кыргыз окумуштууларынын физика илимине кошкон салымынын маанилүүлүгү, республиканын электр энергиясын өндүрүүдөгү жетишкендиктери, ошондой эле илимий-техникалык чөйрөлөрдүн пайда болуп жаткан багыттары (электр энергиясынын кайра жаралуучу альтернативдүү булактары ж.б.) жөнүндө билимдерди өнүктүрүү.

Өнүктүрүү милдеттери:

- инсандык оң сапаттарды: илимий дүйнө таанымды, ой жүгүртүүнү, сүйлөөчүлүктү, байкоочулукту, кызыгууну жана чыгармачылыкты, мекенчилдикти, экологиялык жана санитардык-гигиеналык маданиятты, дүйнөнү эмоционалдык кабыл алууну, жаратылыш менен адамдын өз ара аракеттенүүсүндө оң моралдык сапаттарды экологиялык стандарттарга жана туруктуу өнүктүрүү концепциясынын алкагында өнүктүрүүгө;
- жаратылыш кубулуштары жана изилдөө ыкмалары жөнүндөгү билимдерин күнүмдүк турмушта жана технологиялык процесстерде колдонуу жөндөмүн калыптандыруу жана өнүктүрүү, ошондой эле сакталуу мыйзамдарынын универсалдуулугун түшүнүүгө үйрөтүү;

өз алдынча билимин кеңейтүү, физикалык кубулуштарды байкоо жана аларды түшүндүрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Окууга болгон мамиле

Физика-курчап турган дүйнө жөнүндө билимдин негизги жана маанилүү булагы, илимий-техникалык прогресстин негизи, адамзат маданиятынын эң маанилүү компоненттеринин бири. Мектептин физика курсу бардык табигый илимдерди системалаштыруунун негизи катары кызмат кылат, анткени көпчүлүк химиялык, биологиялык, географиялык жана астрономиялык кубулуштар физиканын түшүнүктөрү жана мыйзамдары менен аныкталат жана түшүндүрүлөт. Физика боюнча мектептеги билим берүүнү стандартташтырууда төмөнкү мамилелер колдонулган:

Компетенттүүлүк мамиле жаңы, аныкталбаган, көйгөйлүү кырдаалдарда иш-аракет кылууга мүмкүндүк берген көндүмдөрдү окуучулардын өздөштүрүүсүн камтыйт. Мындай мамиленин башкы белгиси — окуучунун андан ары өз алдынча окууга жөндөмдүүлүгү.

Ишмердүүлүк мамиледе негизги орун окуучунун өз алдынча таанып-билүү ишин максималдуу даражада жигердүү уюштурууда турат, ошондой эле ал билим берүү иш-аракеттери менен байланышкан.

Инсанга багытталган мамиле ар бир окуучунун тажрыйбасына таянуу менен анын жеке мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, өнүктүрүү жана ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүнү камтыйт.

Маалыматтык-санариптик мамиле окутуу жана табигый илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн санариптик технологияларды колдонууну болжолдойт.

Проблемалык-изилдөө мамилеси мугалимдин жетекчилиги астында көйгөйлүү кырдаалдарды түзүүнү жана окуучулардын аларды чечүү боюнча активдүү өз алдынча иш-аракеттерин камтыйт. Натыйжада, билимди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди чыгармачылык менен өздөштүрүү, ошондой эле ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү. **Интегративдик мамиле** курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимдердин ар түрдүү тармактарындагы билимдерди бирдиктүү дисциплинага – табият таанууга бириктирүүнү камтыйт.

Системалык мамиле. Изилдөөчүгө башка кубулуштар менен болгон мамилесинде жана өз ара аракеттенүүсүндө изилденүүчү процесстерди жана кубулуштарды комплекстүү камтууга багыт берет.

Жогорудагы ыкмаларды ишке ашыруу үчүн физикалык жана астрономиялык **билим берүүнүн негизги принциптери** колдонулат:

- билим берүүнүн материалдарын тандоо үчүн методологиялык мааниге ээ болгон илимий принцип, аны колдонуу окутуу ыкмаларын артыкчылыктуу тандоону камсыз кылат;
- фундаменталдуулуктун принциби окуучулардын негизги, фундаменталдуу илимий теорияларды, концепцияларды, моделдерди жана принциптерди, жалпы илимий мааниге ээ болгон, адамзат маданиятынын менчиги болгон жана билим берүү билимдерин жалпылоо үчүн

негиз болгон фундаменталдык изилдөөлөрдүн натыйжаларын изилдөөсүнө жана өздөштүрүүсүнө багытталган;
- жеткиликтүүлүк принциби мектептик билим берүүнүн бардык этаптарында окуу маалыматын кабыл алуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү боюнча окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет;
- үзгүлтүксүздүк принциби инсандын өнүгүүсүндөгү ырааттуулукту жана уланмалуулукту камсыздайт жана азыркы учурдун талаптарына жана келечекке болгон болжолдоолорду ылайыктайт.
- табият таануу билиминин бүтүндүгү жана системалуулугу принциби дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруунун, жаратылыш процесстерин жана кубулуштарын ар кыл табият илимдеринин көз карашынан кароонун бирдиктүү методологиялык мамилесин түзүүнүн негизи болуп кызмат кылат.

Жогорудагы ыкмаларды жана окутуу принциптерин колдонуу предметтик стандарттын методологиялык принциптерине туура келет жана материалдык дүйнөнүн бүтүндүгү жөнүндөгү идеяларды өнүктүрүүгө багытталган. Окуучулар ар кандай масштабдагы табигый системалар жөнүндө билим алышат.

I. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕНТТҮҮЛҮКТӨР

- ***Билимдерди өздөштүрүү жана кубулуштарды илимий негиздөө жөндөмдүүлүгү:***

- курчап турган чөйрөнү таанып билүү ыкмаларын базалык деңгээлде аныктайт;
- илимий билимдин пайдубалын түзүүчү негизги фактыларды, теорияларды жана идеяларды түшүнүү;
- тиешелүү табигый илимий билимдерди эстеп калуу жана колдонуу;
- элестөөнүн ар кандай формаларын колдонуу жана аларды өз ара өзгөртүү
- тиешелүү илимий божомолдорду жана чечимдерди түзүү жана негиздөө
- моделдерди аныктоо, куруу жана баалоо
- материалдык дүйнөдөгү кубулуштардын түшүндүрмө гипотезаларын таануу жана иштеп чыгуу
- табигый илимий билимдин коом үчүн потенциалдуу маанисин түшүндүрүү
- түшүндүрүүчү гипотезаларды жасоо жана аларды текшерүү жолдорун сунуштоо;
- табигый илимий проблемалардын келип чыгуу себептерин түшүндүрүү;
- физикалык кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү;
- объектилерди сүрөттөө жана табигый кубулуштарды фактыларга, түшүнүктөргө, теорияларга жана мыйзамдарга, Заманбап физика жана астрономия идеяларына таянуу;
- түшүндүрүүчү гипотезаларды жасоо жана аларды текшерүү жолдорун сунуштоо;
- предметтерди, процесстерди жана кубулуштарды изилдөөнүн сунушталган жолдорун илимий жактан баалоо;
- табигый жана техногендик факторлордун таасири астында курчап турган жаратылыш дүйнөсүнүн өзгөрүшүн билүү жана болжолдоо;
- физикалык илим тарабынан изилдениши мүмкүн болгон суроолорду айырмалоо;
- маселени илимий жактан иликтөөнүн жолдорун сунуштоо.

- ***Илимий маалыматты колдонуу жана чечмелөө жөндөмдүүлүгү.***

- табигый илимдерге байланыштуу маселелер боюнча чечим кабыл алууда маанеге же баалуулукка ээ болушу мүмкүн болгон ар кандай маалымат булактарынын (илимий, социалдык, экономикалык жана этикалык) салыштырмалуу артыкчылыктарын издөө, баалоо жана маалымат берүү;
- күчтүү илимий далилдерге негизделген билдирүүлөрдү, эксперттик жана эксперттик эмес пикирлерди айырмалоо, ошондой эле алардын айырмачылыгынын себептерин көрсөтүү;
- маалыматтар топтомунан тиешелүү илимий тыянакты колдоо үчүн аргумент түзүү;

- илимге байланыштуу аргументтердин кемчиликтерин сынга алуу, мисалы, туура эмес божомолдор, себеп жана корреляция, туура эмес түшүндүрмөлөр, чектелген маалыматтарга негизделген жалпылоо
- Заманбап көйгөйлөрдү чечүүгө же туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзгөн илимий аргументтерди колдонуу менен чечимдерди негиздөө
- илимий суроолорду берүү, колдо болгон илимий билимдерге кайрылуу жана аларды пайдалануу жөндөмүнө ээ болуу, далилденген фактылардын негизинде жыйынтык чыгаруу;
- физика жана астрономиядагы изилдөөнүн негизги өзгөчөлүктөрүн түшүнүү;
- маалыматты издөө үчүн зарыл болгон ачкыч сөздөрдү аныктоо;
- ар кандай булактардан алынган аргументтерди жана далилдерди баалоо;
- коом үчүн билимдин потенциалдуу колдонулушун түшүндүрүү;
- элементардык деңгээлде түшүндүрмө моделдерди тааануу, колдонуу жана түзүү;
- турмуштук мүнөздөгү кырдаалдарда негизги физикалык жана астрономиялык билимдерди колдонуу;
- экологиялык көйгөйлөрдү тизмектөө, эмне үчүн аларды чечүү керектигин түшүндүрүү;
- курчап турган дүйнөнү билүү жолдорун базалык деңгээлде аныктоо.

• ***Илимий далилдердин жана эксперименталдык изилдөө маалыматтарынын жыйынтыгынын негизинде чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.***

- курчап турган дүйнөнү жана адамдын иш-аракеттери ага киргизген өзгөрүүлөрдү түшүнүү жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды талдоо, чечмелөө жана негиздүү тыянак чыгаруу;
- базалык деңгээлде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө далилдерди табуу же тыянактарды ырастоо үчүн зарыл болгон маалыматты (объекттерди, фактыларды, эксперименттик маалыматтарды Ж. Б.) бөлүп берүү;
- илимий билимдерди алуу методдорунун жол-жоболорунун негиздүүлүгүн жана аларды колдонууну түшүнүү;
- илимий тексттердеги божомолдорду, далилдерди жана ой жүгүртүүнү тааануу;
- ар кандай маалымат булактарынан илимий аргументтерди жана далилдерди баалоо;
- маалыматтарды берүүнүн бир формасын башкасына (сөз түрүндө схемалык, чиймелик, таблицалык ж. б. формаларга) өзгөртүүгө;
- тыянактардын негизиндеги божомолдорду, фактыларды, маалыматтарды же далилдерди табуу; - "жашыл көндүмдөрдү" колдонуу, мисалы, жаратылыш ресурстарына жана айлана-чөйрөгө карата жоопкерчилик менен иш алып баруу, туруктуу өнүгүүнүн максаттарын көздөө;
- ар кандай булактардан алынган аргументтерди жана далилдерди илимий жактан баалоо;
- фактыларды, ар кандай булактардан алынган маалыматтарды жалпылоо жана алардан жыйынтык чыгаруу;
- илимдин жана техниканын жетишкендиктерин коомдо колдонуунун кесепеттерин баалоо;
- илимдин жана технологиянын жетишкендиктеринин курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн азыркы абалына жана андан ары кайра түзүлүшүнө тийгизген таасирин баалоо;
- изилдөөлөрдү жүргүзүүгө: кубулуштарды байкоо жана изилдөө, байкоолордун натыйжаларын сүрөттөө, кубулуштарды моделдөө, өлчөөлөрдү аткаруу, тыянактарды түзүү, байкоолордун, өлчөөлөрдүн, эксперименттердин натыйжаларын талкуулоо;
- физика-техникалык илимдер жана технологиялар материалдык, интеллектуалдык жана маданий чөйрөлөргө кандай таасир этээри жөнүндө маалымдуулукту көрсөтүү;
- жаратылышты жана космосту изилдөөгө байланышкан маселелерди мектепте же жергиликтүү жамааттарда кароодо активдүү жарандык позицияны көрсөтүү.
- окутуу процессинде электрондук билим берүү ресурстарын (ЭОР) жана санариптик технологияларды пайдалануу (фотосүрөттөр, видеофрагменттер, моделдер, картографиялык материалдар, үн жазуулар жана башка окуу материалдары);
- санариптик технологияларды колдонуу (лекциялар үчүн презентациялар, окутуучу тестирлөө, виртуалдык лабораториялар, электрондук окуу китептери жана башкалар);

-жамааттык-бөлүштүрүлгөн жана жекече изилдөөлөрдү, жеке маалыматтык издөөнү, жазуу жүзүндөгү дискуссияларды жүргүзүү;
- тесттерди аткаруу, тренажерлорду, билимди көзөмөлдөөнүн программалык тутумдарын колдонуу;
- чөйрөнүн коопсуздугун аныктоо, жандуу жана жансыз жаратылыш объекттерин аныктоо үчүн санариптик технологияларды колдонуу.

III. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК ӨЗӨКТӨРҮ

Предметтин мазмундук өзөктөрү - бул предметтин бардык окуу материалдары жана компетенттүүлүктү калыптандыруудагы технологиялык ыкмалары жалпыланган негизги түшүнүктөр. Негизги мазмундук өзөктөрдү бөлүп көрсөтүү мектептеги физика курсунун мазмунун системалаштырууда чоң мааниге ээ. Предметтин мазмундук өзөктөрү "Мен жана дүйнө" жана "Табият таануу" предметтеринин мазмундук өзөктөрүнө шайкеш келет жана бул илим жаатындагы предметтерди өздөштүрүү учурунда сакталат да, дүйнөгө болгон бирдиктүү көз карашты түзүүгө өбөлгө түзөт

Предметинин мазмундук өзөктөрү:

1. Илимий таанып-билүүнүн методдору
2. Зат, кыймыл жана өз ара аракеттешүү.
3. Энергияны өндүрүү жана пайдалануу.
4. Илимий билимди күнүмдүк жашоодо колдонуу

«Физика. Астрономия» бөлүк-бөлүк эмес, системалуу билимди камтыйт. Мында дүйнөгө бирдиктүү көз карашты калыптандырууга негиз болуучу туруктуу өнүгүү концепциясынын, «жашыл көндүмдөрдүн» жана курстун стуртурасын аныктоочу алдыңкы физикалык-астрономиялык идеялардын үзгүлтүксүз билим байланыштарына көп көңүл бурат. Предметинин изилдөө объектиси болуп жаратылыш жана бүтүндөй Аалам саналат.
1-Таблица . Окуу материалын мазмундук өзөктөрү боюнча бөлүштүрүү (7-9-класстар)
2-Таблица Окуу материалын мазмундук өзөктөрү боюнча бөлүштүрүү (10-12-класстар). 3-Таблица. Мазмун өзөктөрү боюнча күтүлгөн жыйынтыктар (7-9-класстар)
4-Таблица. Мазмун өзөктөрү боюнча күтүлгөн жыйынтыктар (10-12-класстар)

IV. ОКУТУУ МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базага ылайык, окутуунун формаларын жана ыкмаларын тандоо мугалимдин ыйгарым укугу болуп саналат. Мугалим предметтин өзгөчөлүктөрүнө жана билим берүү натыйжаларынын өзгөчөлүгүнө негизделген окутуунун ыкмаларын, технологияларын колдонот жана формаларын тандап алат. «Физика. Астрономия» предметинин өзгөчөлүктөрү жана билим берүү натыйжалары окутуу методикасына төмөнкү талаптарды коёт:

1. Окуучулардын когнитивдик керектөөлөрүн ишке ашырууну камсыз кылуучу билим берүү ишин уюштуруу:

- окуучулардын когнитивдик кызыгуусун ойготуу, аларды жаратылышка жана коомго карата мотивациялык көз караштарды, баалуулук багыттарын, өзүн курчап турган дүйнөнүн ажырагыс

бөлүгү катары сезүүнү калыптандырууга багыттоо максатында изденүү жана ачылыш атмосферасын түзүү;
- окуучунун ролун өзгөрткөн окутуунун активдүү жана интерактивдүү ыкмаларын колдонуу: пассивдүү, ой жүгүрткөн инсандан өз алдынча, критикалык ой жүгүрткөн, өзүнүн иш-аракетине баа берүүгө жөндөмдүү болгон инсанга айландыруу;
- эксперименттерди, практикалык иштерди колдонуу;
- билимди өз алдынча алуу, керектүү маалыматтарды чогултуу, гипотезаларды түзүү, тыянак чыгаруу жөндөмүн (байкоо, жалпылоо, тематикалык жүрүштөр, экскурсиялар, фундаменталдык изилдөөлөр, эксперименттер, долбоорлор ж.б.) өнүктүрүүчү ыкмаларды жана методдорду колдонуу;
- окуучуларды өз алдынча билим алууга, өзүн-өзү активдүү өнүктүрүүгө, баалоого тартуу;
- өлкө таануу материалдарын колдонуу;
- окуучунун жашоосунда маанилүү жана коомдук тажрыйбада чагылдырыла турган кырдаалдарды түзүү;
- жаңы дидактикалык материалдарды долбоорлоо, стандарттуу эмес тапшырмаларды издөө, реалдууга жакын стандарттуу эмес кырдаалдарды түзүү;
- сабактын өтүүнүн ар кандай типтерин, формаларын жана түрлөрүн (сабак, экскурсия, лабораториялык иштер ж.б.) кезектештирүү;
- сабактарды өткөрүү үчүн билим берүү мейкиндигинин ар кандай формалары (класс, лаборатория, парк, токой, көчө, спорт аянтчасы, музей ж.б.) колдонуу;
− натыйжалуу окутуу каражаттарын колдонуу.

2. Окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окуучулар менен мугалимдин, бири-бири менен, айланасындагы адамдар менен өз ара аракеттенүүнүн ар кандай формаларын колдонуу;

- иштин жеке жана топтук формаларынын айкалыштыруу;
- жемиштүү баарлашуу кырдаалдарын түзүү, сабактарда жана класстан тышкаркы иштерде турмуштук кырдаалдарды моделдөө жана талдоо;
- өз ара окутуу ыкмаларын колдонуу;
- баарлашууга кирүү, тажрыйба алмашуу, өз оюн эмоционалдуу жана маңыздуу билдирүү жөндөмдүүлүгү өнүккөн дидактикалык оюндарды-ситуацияларды өткөрүү;
- өнөктөштүк мамилелерди түзүү, активдүү уюштуруучулардын, жаратуучулардын жана катышуучулардын укуктарын алышы керек;
- ар бир окуучуну предмет боюнча сабакка жана класстан тышкаркы иштерге тартуу;
- жамааттык чыгармачылык ишти уюштуруу.

3. Окуучуларда дүйнөнүн бир бүтүн илимий картинасын калыптандыруу үчүн класстан тышкаркы жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөрдүн мүмкүнчүлүгүн пайдаланууусу.

Интерактивдүү ыкмаларды колдонуу, алардын ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:
− чыгармачыл тапшырмалар;
− чакан топтор менен иштөө;
− ролдук жана билим берүү оюндары;
- билим берүүчү оюндар (ролдук оюндар, имитациялар, бизнес оюндары жана билим берүүчү оюндар);
− коомдук ресурстарды колдонуу (адистерди чакыруу, экскурсиялар);
− ой жүгүртүү көнүгүүлөрү;

− жаңы материалдарды үйрөнүү жана бекемдөө (интерактивдүү лекциялар, көрнөк-жарнактар, видео-аудио материалдар менен иштөө);
− маселелерди чечүү («Чечим дарагы», «Мээге чабуул», «Казус талдоо»).

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Баалоо системасы − билим берүүдөгү жетишкендиктерди өлчөөнүн жана көйгөйлөрдү аныктоо, кайтарым байланышты камсыздоонун, окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге, мамлекеттик жана коомдук структураларга билим берүүнүн абалы, көйгөйлөрү жана жетишкендиктери тууралуу маалымат берүүнүн негизги каражаты болуп саналат. Табигый илимдер сабактарында окутуунун натыйжаларын баалоо окутуунун максаттары (күтүлгөн натыйжалар), методдору жана формалары менен тыгыз байланышта.

Баалоонун максаты − окуунун иш жүзүндөгү натыйжалары күтүлүүчү натыйжаларга туура келерин аныктоо. Окуучулардын окуу ишмердигин баалоодо мугалим тандалган окутуунун ыкмаларына жана формаларына ылайык ар кандай баалоо ыкмаларын колдонот.

Баалоонун түрлөрү жана формалары

Окуучулардын билим берүү жетишкендиктерин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, формативдүү жана жыйынтыктоочу, алардын ар бири белгилүү бир формада ишке ашырылат.

Диагностикалык баалоо – бул окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн (ББК) жана компетенцияларды калыптандыруунун баштапкы деңгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо көбүнчө окуу жылынын башында же физиканын бөлүмүн, главасын окутуунун биринчи сабагында жүргүзүлөт. Диагностикалык баалоонун зарылчылыгы окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына адекваттуу, окутуу жана окуу процессин алдын ала көрүү зарылчылыгы менен аныкталат.

Формативдик баалоо – окуучулардын ийгилигин жана материалды өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошол өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмаларын ж.б.) эске алуу менен окуу материалдарын өздөштүрүү боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативдик баалоону окутууну өз убагында коррекциялоо, сабактын пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле окуучулар тарабынан аткарылуучу иш-аракеттин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун өсүшү билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуунун максаттарындатүптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Мугалим окуучунун жекече өнүгүшү боюнча байкагандарын журналга баа коюу менен эске алып турат.

Суммативдик баалоо – окуучунун билим берүүнүн ар бир баскычы боюнча пландаштырылган натыйжаларга канчалык деңгээлде жеткендигин аныктоо үчүн кызмат кылат жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баалардан турат.

Учурдагы баалоо - теманы сабак сайын үйрөнүү учурунда жүргүзүлөт. Анын негизги максаттары: теманы түшүнүү жана алгачкы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо, анын айрым элементтери менен мурунку темалардын мазмунунун ортосундагы байланышты орнотуу.

Аралык баалоо пландаштырылып күтүлгөн натыйжаларга, предметтик стандарт менен аныкталган мазмундук өзөктөргө ылайык жана иштин төмөнкү түрлөрү аркылуу жүргүзүлөт::

- физикалык объектиге байкоо жүргүзүү жана сүрөттөө;
- лабораториялык жана практикалык иштер;
- булактар менен иштөө (идентификаторлор менен иштөө);

- жазуу иштери (аналитикалык эссе, өз алдынча иш, тесттик тапшырмалар, көмөкчү схемаларды түзүү ж.б.);
- оозеки жооп/презентация;
- эксперимент жүргүзүү;
- долбоордук, илимий-изилдөө иштери, иштин атайын түзүлгөн түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы).

Бул иштердин бардыгы белгиленген милдеттүү болуп саналган баалоо критерийлерине жана нормаларына ылайык бааланат жана мугалим тарабынан календарлык-тематикалык планда алдын ала пландалат.

.Жыйынтыктоочу баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы), окуу-тематикалык планга (темалар боюнча баалоо) ылайык төмөнкүдөй формада жүргүзүлөт:
- зачет, тест, тандалган тема боюнча реферат даярдоо, презентация, слайддарды даярдоо;
- баа берүү.

Тесттер үчүн коюлган баа жыйынтыктоочу бааны аныктоо үчүн негиз болуп саналат.

VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДАНДЫРУУНУН МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАРЫ

Физика предмети боюнча предметтик стандарт окуучуларда элементардык изилдөө ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын, маалымат менен иштөө жолдорун жана коммуникативдик жөндөмдөрдү калыптандырууну артыкчылыктуу багыт катары карайт. Материалдык-техникалык камсыздоо ушул милдеттерди ишке ашырууга зарыл болгон шарттарды түзүшү керек.

Физикалык жана астрономия предметтеринде лабораториялык жумуштарды аткарууга керектүү жабдуулар жана куралдар

№	жабдуулар жана куралдар
1	Интерактивдүү тактанын комплектеси
2	Мультимедиялык проектор
3	Ноутбук
4	Физика боюнча тематикалык таблицалар
5	Белгилүү физик жана астроном окумуштуулардын портреттери
6	Механика боюнча комплект
7	Молекулярдык физика жана термодинамика боюнча комплект
8	Электр темасы боюнча комплект
9	Оптика боюнча комплект
10	Айрым приборлор жана кошумча жабдуулар
11	Туруктуу жана өзгөрмө ток булагы (4 В, 2 А)
12	Жабдууларды сактоочу лотоктор
13	Гирялуу окуу таразалар
14	Термометр
15	Өлчөгүч цилиндр (мензурка)
16	Лабораториялык динамометр 5 Н
17	Калориметр
18	Калориметрия боюнча денелердин комплекти

19	Эрүү жана катууланууу процесстерин изилдөөчү заттардын комплекти
20	2А өлчөө чегиндеги туруктуу ток чынжырларын өлчөөчү лабораториялык амперметр
21	Туруктуу жана өзгөрмө чыңалуу булагы (6÷10 А)
22	Үн жыштыгы генератору
23	Туташтыргыч зымдардын комплектеси
24	Универсалдуу физикалык штатив
25	Тик бурчтуу дубалдары бар суу идиши (аквариум)
26	Вакуумдук насос: табакча, манометр жана капкак менен
27	1 кг комплекттүү жүк
28	Түз сызык боюнча кыймыл комплекти (компьютердик өлчөө блогун колдойт)
29	"Айлануу" комплекти
30	Жеңил кыймылдаган арабалар (жубу менен)
31	Архимед челекчеси
32	Резонанстык кутучалары бар камертондор, балга менен
33	Тең салмактуу масса жана көлөмдөгү телердин комплекти
34	Толкун түзүүчү аппарат
35	Суюктуктардагы басымды көрсөтүүчү аппарат
36	Атмосфералык басымды көрсөтүүчү аппарат
37	Жабдылган призмалар
38	Демонстрациялык рычаг
39	Катыш идиштер
40	Куючу идиштер
41	Демонстрациялык трибометр
42	Паскаль шары
43	Суюктуктардагы конвекцияны көрсөтүүчү түтүк
44	Сүргүчтүү коргошун цилиндрлери
45	Туруктуу ток чынжырларын изилдөөчү комплект
46	Электростатика боюнча комплект
47	Радиобайланыш принциптерин изилдөөчү комплект
48	Электрометрлер жана алардын жабдуулары
49	Универсалдуу трансформатор
50	Жогорку чыңалуу булагы
51	Электрдик султандар
52	Электростатикалык маятниктер (жубу)
53	Айнектен жана эбониттен жасалган таякчалар
54	Магнит талаасынын спектрин көрсөтүүчү комплект
55	Демонстрациялык электр коңгуроосу
56	Тасма сымал жана жаа сымал магниттердин комплектиси
57	Магниттик жебелер (штативде)
58	Коргоочу көз айнек
59	Люксометр
60	Күн системасынын модели
61	Рефрактор телескобу 60/600
62	Штативдүү бинокль
63	Асман сферасынын модели
64	Жылдыздуу асмандын кыймылдуу картасы
65	Электромагниттик нурлануулар шкаласы таблицасы
66	Планеталардын көрүнүктүү кыймылын түшүндүрүүчү динамикалык модель
67	"Эл аралык бирдиктер системасы" таблицасы
68	Ондук бирдиктердин кошумча жана бөлчөк префикстери таблицасы

69	Физикалык туруктуулуктар таблицасы
70	Астрономиялык атлас
71	Заманбап ири оптикалык жана радиотелескоптордун сүрөттөрү жана схемалары

VII. МОТИВАЦИЯ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган предметтик стандарт окуучулардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык чөйрөлөрүн — таанып-билүү, эмоционалдык жана психомотордук аспектилерин — эске алат. Бул аспектилер окуучулардын билим берүү тепкичтеринен өтүүдө мурастуулукту жана өнүгүүнү көрсөтөт. Ошондуктан билим берүү процессинде окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келген ар түрдүү окутуу стратегияларын колдонуп, сабакка болгон кызыгуусун жогорулатып, жекече сапаттарын өнүктүрүү жана жеке жетишкендиктерин колдоо максатка ылайык.

Мотивациянын деңгээли окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугунун маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Физика жана астрономияны окутууда заманбап технологияларды колдонуу бул маселени чечүүгө көмөктөшөт. Окуучуну физика жана астрономияны окууга мотивациялоо үчүн, бул илимдердин мыйзамдары менен түшүнүктөрүнүн практикалык маанисин көрсөтүү зарыл. Сабакка болгон кызыгуу эксперименттерди жүргүзүү аркылуу пайда болот: окуучу байкайт, сүрөттөйт, эксперименттин тууралыгын кайрадан текшерет, презентация өткөрөт, пикир алмашат жана жаңы билимге ээ болот. Бул процессте окуучунун негизги компетенттүүлүктөрү калыптанып, таанып-билүү активдүүлүгү жогорулайт, предметке болгон мотивациясы бекемделет. Ошол эле учурда инклюзивдик билим берүүнү эске алуу жана жүзөгө ашыруу зарыл.

Мотивация ички жана тышкы болуп бөлүнөт. Ички мотивация окуучунун билимге карай ийгиликтүү илгерилөөсүнө негиз түзөт. Ички мотивациянын төрт түрү бар: натыйжа үчүн, процесс үчүн, баа алуу үчүн жана терс жыйынтыктардан качуу үчүн болгон мотивдер. Биринчи эки мотив окуучунун өз алдынча процесске кызыгуусун калыптандырат. Окуучулардын мотивациялык чөйрөсү, ар түрдүү иш-аракеттерге болгон мамилеси жана окуудагы жалпы активдүүлүгү алардын муктаждыктары жана максаттарына жараша аныкталат. Мотивациянын интенсивдүүлүгү көбүнчө максатты түшүнүү жана маанилүүлүгүн тааануу менен аныкталат. Бул — мотивацияны күчөтүүчү күчтүү каражат.

Мотивациялык билим берүү чөйрөсү — бул мектептин жашоо-турмуш шарттары аркылуу түзүлгөн факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу процессин уюштуруу, тамак-аш менен камсыздоо, медициналык жардам, психологиялык климат. Заманбап шарттарда мотивациялык билим берүү чөйрөсү көп деңгээлдүү татаал көрүнүш катары каралат. Ал төмөнкүдөй аспектилерге бөлүнөт:

Физикалык чөйрө:

- материалдык (кабыл алуучу бөлмөлөрдүн жана мектептин абалы);
- технологиялык (класстын жана мектептин материалдык-техникалык базасы);
- маалыматтык-компьютердик технологиялар (интерактивдүү такта, компьютер, проектор, экран ж.б.).

Психологиялык чөйрө:

- психологиялык (колдоо жана мотивация түзүү,
- мугалим менен окуучулардын жана окуучулардын өз ара мамилелери, дискриминацияга жол бербөө, профилдик билим берүү мүмкүнчүлүгү;
- ыңгайлуу чөйрө, балдарды жана ата-энелерди мектептен жана билимден четтетүүдөн

коргоо, жыныстык теңдикти камсыз кылуу, пандустар.

Академиялык чөйрө:

- уюштуруу (окуу процессин жана кошумча иштерди уюштуруу);
- педагогикалык (мугалимдин жана окуучунун интеллектуалдык деңгээли);
- инновациялык (ар түрдүү окутуу ыкмаларын жана технологияларды колдонуу);
- электрондук окутуу каражаттары аркылуу өз убагында кайтарым байланыш алуу.

Бул чөйрөлөрдүн ар бири мотивациялык жана стимулдаштыруучу факторлор менен толукталат. Бул мектепте мотивациялык чөйрөнү түзүүгө мүмкүндүк берет. Мындай чөйрө заманбап түшүнүккө ылайык билим берүүнүн сапатын жогорулатат.

Мотивациялык билим берүү чөйрөсүнүн принциптери:

- адаптивдүү — тышкы чөйрөнүн өзгөрмөлүүлүгүнө ылайык мектептин жооп кайтаруу жөндөмүн камсыз кылуу;
- гуманитардык — гуманисттик рухий баалуулуктарды артыкчылык менен эске алуу;
- өз алдынча өнүгүүчү, инновациялык жана динамикалык;
- инновациялуу;
- динамикалуу жана жаңыланып туруучу — тез өзгөрүп жаткан социомаданий шарттарда сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу;
- ачык — билим берүү чөйрөсүндөгү мүмкүнчүлүктөрдү, ата-энелердин жана коомдук өнөктөштөрдүн педагогикалык потенциалын пайдалануу;
- технологиялык — заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялар аркылуу сапаттуу билим берүү жыйынтыгына жетишүү.

Ошентип, мотивациялык чөйрө — бул билим берүү процесси катышуучуларынын (окуучулар, мугалимдер, администрация, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр) жогорку мотивациясын (ички түрткүлөр системасын) аныктаган материалдык, уюштуруучулук, психологиялык, педагогикалык жана технологиялык факторлордун жыйындысы. Ал билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган.

Таблица 1. Окуу материалын мазмундук өзөктөрү боюнча бөлүштүрүү (7-9-класстар)

Мазмундук өзөктөрү	**7 класс**	**8 класс**	**9 класс**
